**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«27» 08 202__ жыл. Протокол № 1
АТЭКтин директору ______ Жаныбек у Р

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН "ЖЫЛДЫН МЫКТЫ ОКУТУУЧУСУ" КАРОО-СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1. Ар бир окуу жылдын башында окуу жайдын директору «Жылдын мыкты окутуучусу» кароо сынагын өткөрүүү жөнүндө буйрук чыгарат.

## 2.Кароо-сынактын максаты жана милдети.

- мугалимдин статусун көтөрүү;
- кесиптик деңгээлди жана мугалимдин чеберчилигин аныктоо;
- ишмердүү иштеген педагогдорду аныктоо;
- педагогдордун демилгелерин колдоо жана аларды баалоо;
- алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларын жайылтуу;
- чыгармачыл мугалимдерди табуу жана аларды жалпыга таанытуу менен мыкты магалимдерди жаштарга үлгү катары көрсөтүү;
- өнөрлүү, таланттуу мугалимдерге колдоо көрсөтүү;
- мугалимдик кесиптин ар тараптуулугун жана кызыктуулугун арттыруу;
- мугалимдик кесипти даңазалоо, мугалимдердин аброюн, кадыр-баркын көтөрүү. ушу кесипке жаштарды тартуу жана кызыктыруу.

## 3.Кароо-сынактын жүрүшү.

- Конкурсант колледждин мугалимдер жамааты тарабынан сунушталат жана өзүнүн резюмеси, өтө турган сабактарынын план конспектисинин көчүрмөсүн бериши керек.
- Конкурсант өз ишмердүүлүгүн, чыгармачылыгын, жетишкендигин чагылдырган портфолиосун, сабакка колдонгон көрсөтмө куралдарын көргөзмөсүн уюштуруусу керек (буга калыстар тобу тарабынан өзүнчө баа берилет);

## 4.Калыстар тобу.

Окуу жайдын директору сынакты өткөрүү үчүн атайын калыстар тобун түзүү жөнүндө буйрук чыгарат жана отурумдун негизинде калыстар тобу түзүлөт. Калыстар тобунун чечими кайрадан каралбайт.

## 5.Кароо-сынак төмөнкү бөлүктөрдөн турат.

- Конкурсанттардын өзүн-өзү тааныштыруусу (визиттик карточка); (3минут)- (5 упай).
- Эркин формада саламдашуу:озеки, слайд, видео тасма турунде берилсе болот (3-5 минут)-(5 упай)
- Студенттик группада предметтик сабак өткөрүүдөгү сабактын берилиши (конспектинин жазылышы, техникалык-каражаттардын колдонулушу, көрсөтмө куралдары пайдалануу) (10-15минут)- (15 упай)
- Мугалимдин пелагогикалык-психологиялык билимин баалоо (20 суроодон турган тест) берилет.Ар бир суроого 1,5 минутадан жалпысы 30 минута убакыт берилип,

ар бир туура жооп 1 упай менен бааланат;

- Мугалимдин заманбап технологияда (компьютерди сабак өтүүгө колдонуу) иштей билүүсү (группада)-(5упай)
- Макал-лакаптардын маанисин чечмелеп берүү (1-минут), (мугалимдин жыл бою адептүү кийинип жүрүүсү) (5 упай).

## 6.Сынактын жүрүшүн көзөмөлдөө уюштуруу тобуна жүктөлөт.

Уюштуруу тобу:

«Жылдын мыкты окутуучусу» кароо-сынагын уюштурууну көзөмөлдөйт.

- Ар бир комиссия мүчөсүнө баалоо баракчасы таратылып берилип, өз алдынча баалоо жүргүзүлөт.
- Жеңүүчү болуп кароо-сынактын баардык бөлүктөрүнүн жыйынтыгы боюнча эң коп упай топтогон катышуучу аныкталат.
- Жеңичүү кызыктуу материалдар,сыйлоочу белектер менен камсыз болот.

## 7.Сынактын катышуучуларына төмөндөгүдөй наамдар жана сыйлыктар берилет.

- Кароо-сынактын баш байгеси- «Жылдын мыкты окутуучусу» наамы. 1-орун-1
 2 орун 1, 3-орун 1 орун берилет. Кийинки катышуучуларга кызыктыруучу сыйлыктар берилет.

## 8.өтүлүүчу жайы.

С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде өткөрүлөт.